УДК 800/801

Н. Мазекова

# "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ –ЫМ ЖАНА –ЫҢ МҮЧӨЛӨРҮНҮН СТАТИСТИКАЛЫК ПАСПОРТТОРУ

*Илимий макалада "Манас" эпосунун текстиндеги таандык категориясынын I, II жак мүчөлөрүнүн колдонуш өзгөчөлүктөрү териштирилет жана тийиштүү статистикалык паспорттор аркылуу тастыкталат.*

Таандык категориясынын **–ым** мүчөсү негиз билдирген заттын сүйлөөчү жакка таандык экендигин билдирет да, эпостун текстинде төмөнкүдөй статистикалык паспорт аркылуу тастыкталат [1]:

1-таблица (жалпы текст боюнча)

| Мүчөнүн варианты | Жеке жыйын-тыгы | Жеке үлүшү | Жалпы жеке үлүшү | Айкашуу жыйын-тыгы | Айкашуу үлүшү | Жалпы айкашуу үлүшү | Жалпы жыш-тыгы | Жалпы үлүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| -ым | 1704 | 28,80 | 19,85 | 660 | 24,72 | 7,68 | 2364 | 27,53 |
| -им | 982 | 16,60 | 11,43 | 652 | 24,42 | 7,59 | 1634 | 19,03 |
| -ум | 1084 | 18,32 | 12,62 | 329 | 12,32 | 3,83 | 1413 | 16,45 |
| -үм | 492 | 8,31 | 5,73 | 405 | 15,17 | 4,71 | 897 | 10,44 |
| -м | 1654 | 27,95 | 19,26 | 624 | 23,37 | 7,26 | 2278 | 26,53 |
| **Бардыгы** | **5916** | **100,0** | **68,90** | **2670** | **100,0** | **31,09** | **8586** | **100,0** |

Бул таблицадан аталган мүчөнүн бардык варианттары эпостун жалпы текстинде 8586 (100,0 %) жолу колдонулгандыгын, анын ичинде негизги жеке гана жалганган учурлары 5916 (68,90 %) ирет, башка уландылар менен кошо жалганып келген учурлары 2670 ирет (31,09 %) экендиги ачык көрүнөт.

Демек, мындан биз өйдөкү мүчөнүн көбүнчө зат атооч сөздөрдөн келип өз алдынча гана колдонула тургандыгына күбө болобуз. Тактап айтканда, эпостун текстинде бул мүчө уланыш келген ар бир зат атоочтун болжол менен 70и анын жекече колдонулушуна туура келет.

Ал эми аталган мүчөнүн айкашуу жыштыгы (2670-31,09 %) анын жеке жыштыгына (5916-68,90 %) караганда эки эседен көбүрөөк аз экендиги далилденди.

2-таблица (Сагымбай Орозбаковдун вариантында

| Мүчөнүн варианты | Жеке жыйын-тыгы | Жеке үлүшү | Жалпы жеке үлүшү | Айкашуу жыйын-тыгы | Айкашуу үлүшү | Жалпы айкашуу үлүшү | Жалпы жыш-тыгы | Жалпы үлүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| -ым | 508 | 40,18 | 27,97 | 172 | 31,15 | 9,47 | 680 | 37,44 |
| -им | 185 | 14,63 | 10,18 | 79 | 14,31 | 4,35 | 264 | 14,53 |
| -ум | 214 | 16,93 | 11,78 | 111 | 20,10 | 6,11 | 325 | 17,89 |
| -үм | 125 | 9,89 | 6,88 | 87 | 15,76 | 4,79 | 212 | 11,67 |
| -м | 232 | 18,35 | 12,77 | 103 | 18,65 | 5,67 | 335 | 18,44 |
| **Бардыгы** | **1264** | **100,0** | **69,60** | **552** | **100,0** | **30,39** | **1816** | **100,0** |

3-таблица (Саякбай Каралаевдин вариантында)

| Мүчөнүн варианты | Жеке жыйын-тыгы | Жеке үлүшү | Жалпы жеке үлүшү | Айкашуу жыйын-тыгы | Айкашуу үлүшү | Жалпы айкашуу үлүшү | Жалпы жыш-тыгы | Жалпы үлүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| -ым | 1196 | 25,70 | 17,50 | 488 | 22,37 | 7,14 | 1684 | 24,64 |
| -им | 797 | 17,13 | 11,6 | 573 | 26,27 | 8,38 | 1370 | 20,04 |
| -ум | 870 | 18,70 | 12,73 | 281 | 12,88 | 4,11 | 1151 | 16,84 |
| -үм | 367 | 7,88 | 5,37 | 318 | 14,58 | 4,65 | 685 | 10,02 |
| -м | 1422 | 30,56 | 20,81 | 521 | 23,88 | 7,62 | 1943 | 28,43 |
| **Бардыгы** | **4652** | **100,0** | **68,-8** | **2181** | **100,0** | **31,91** | **6833** | **100,0** |

Эгерде өйдөкү көрсөткүчтөрдү Сагымбай менен Саякбайдын текстиндеги мүнөзүнө сереп салсак, анда бул мүчө Сагымбайда 1816 жолу, Саякбайда 6833 ирет колдонулгандыгын көрөбүз. Мунун себеби, Саякбайдын тексти көлөм жагынан Сагымбайдыкына караганда көп болгондугу менен түшүндүрүлөт. Бирок эки тексттин көлөмүндөгү өйдөкү айырмачылыкка карабай анда колдонулган I жак таандык мүчөнүн жеке жана айкашуу үлүштөрү болжол менен бирдей экендиги далилденди. Сал. : 69,60%-68,08%. (4-мамыча, соңку саптар); 30,39%-31,91% (7-мамыча, соңку саптар).

Эпостун жалпы текстинде да бул мүчөнүн варианттарынын колдонулушунда кескин айырмачылыктардын орун ала тургандыгы байкалат. Алсак, үндүүдөн башталган **–ым, -им, -ум, -үм,** сыяктуу толук варианттар бул мүчөнүн жалпы тексттеги ар бир 100 колдонулушунун 75ине, кыскартылган **–м** варианты 25ине туура келет. Бирок үлүш жактан бул көрсөткүч соңку вариант үчүн Сагымбайда 18,44% ды түзсө, Саякбайда 28,43% түзөт. Ошондой эле толук жана кыскартылган варианттардын жеке жана айкашуу жыштыктары менен үлүштөрүндө да мындай өзгөчөлүктөр орун алат:

1) **–м** варианты үчүн жеке үлүшү Сагымбайда –18,35%, Саякбайда – 30,56%; айкашуу үлүшү Сагымбайда-18,65%, Саякбайда – 23,88%. Мындан **–м** вариантынын жекече колдонулушу, атап айтканда, жалаң гана үндүү менен аяктаган зат атоочтон кийин келиши Саякбайдын текстинде кенен экендигин билебиз: балам-456, атам-294, абам-206, төрөм-99, энекем-89, абакем-53 ж.б. Ал эми **–м** вариантынын эки тексттеги айкашуу үлүшүндө өйдөкүдөй кескин айырмачылык байкала бербейт. Ал эки текстте тең бул варианттын айкашуу дистрибуциясы окшош экендиги менен шартталат, башкача айтканда, ал варианттын айкашуу көрсөткүчтөрү жалгыз гана жөндөмө мүчөлөр менен айкашып келе тургандыгы менен аныкталат. Аяшатамды-22, олуямды-21, энемди-21, бадышамды-12, жылкымды-11, буламды-9 ж.б.

2) Толук варианттардын жеке жана айкашуу жыштыктары менен үлүштөрүнүн көрсөткүчтөрү өйдөкү учурга тескери прапорциялаш болот. Атап айтканда, Сагымбайда толук варианттардын жеке колдонулуш үлүшү ар бир 100 учурдун 82ине туура келсе, Саякбайда 70ине туура келет. Айкашуу жыштыгынын Сагымбайдагы ар бир 100 учурга болгон үлүшү өйдөкүдөй эле болсо, Саякбайда ал 76% дан бир аз ашат.

Эми бул мүчөнүн бардык варианттарынын колдонуш өзгөчөлүктөрүн салыштырсак, анда төмөнкү учурларды белгилөөгө болот:

1. Эпостун жалпы текстинде 5 варианттын ичинен эң жыш колдонулганы - **-ым** көрсөткүчү. Ал I жак таандык мүчөнүн колдонулушунун 27,53% үлүшүн түзөт да, бул мүчөлүү зат атоочтун ар бир 100 колдонулушунун 28и **–ым** га туура келет. Ушундай эле жогорку активдүүлүк Сагымбайдын текстинде да (37,44%) байкалат. Бирок **–ым** варианты Саякбайда үлүш жактан **–м** вариантынан кийинки (28,43%) экинчи орунду (24,64%) ээлейт;
2. колдонулуш жыштыгы боюнча 2-орунду жалпы текстте **–м** варианты ээлейт (жыштыгы-2278, үлүшү-26,53%). Бирок өйдөкү пунктта белгиленгендей, анын көрсөткүчү Саякбайдын текстинде 1-орунда турат (жыштыгы-1943, үлүшү-28,43%);
3. колдонулуш жыштыгы боюнча 3-орунда **–им** варианты турат. Анын жалпы тексттеги үлүшү-19,03% (жыштыгы-1634), Сагымбайдагы үлүшү-14,53% (жыштыгы-264), Саякбайдагы үлүшү-20,04% (жыштыгы-1370). Демек, мындан биз жалпы текст менен Саякбайдын текстинде аталган варианттын колдонулуш жактан активдүүлүгү бирдей экендигин, Сагымбайда болсо, ал **–ум, -үм** вариантынан кийин төртүнчү орунда тура тургандыгын аныктайбыз.
4. Жалпы текстте аталган мүчөнүн эрин күүсүндө келген **–ум, -үм** варианттары азыраак өлчөмдө колдонулгандыгы анык болду. Ал эми ушул эки варианттын ичинен жоон түгөйү **-м,** ичке түгөйүнөн бир жарым эседей жыш колдонулган. Сал.: **-ум** варианты: жыштыгы1413, үлүшү-16,45%; **-үм** варианты: жыштыгы-897, үлүшү-10,44%. Бул жагынан жалпы текст менен Саякбайдын тексти дал келсе, Сагымбайдын текстинде **–ум** варианты колдонуш жыштыгы боюнча-325, үлүшү-17,89%) 2-орунда турат.

**-ың** мүчөсү заттын же жактын тыңдоочуга таандык экендигин билдирип, эпостун текстинде төмөнкүчө тастыкталат:

4-таблица (жалпы текст боюнча)

| Мүчөнүн варианты | Жеке жыйын-тыгы | Жеке үлүшү | Жалпы жеке үлүшү | Айкашуу жыйын-тыгы | Айкашуу үлүшү | Жалпы айкашуу үлүшү | Жалпы жыш-тыгы | Жалпы үлүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| -ың | 1064 | 36,80 | 4,92 | 510 | 25,98 | 10,50 | 1574 | 32,42 |
| -иң | 450 | 15,56 | 9,27 | 367 | 18,69 | 7,56 | 817 | 16,83 |
| -уң | 341 | 11,79 | 7,02 | 188 | 9,57 | 3,87 | 529 | 10,89 |
| -үң | 207 | 7,16 | 4,26 | 199 | 10,13 | 4,10 | 406 | 8,36 |
| -ң | ·829 | 28,67 | 17,07 | 699 | 35,60 | 14,40 | 1528 | 31,48 |
| **Бардыгы** | **2891** | **100,0** | **59,56** | **1963** | **100,0** | **40,44** | **4854** | **100,0** |

5-таблица (Саякбай Каралаевдин вариантында)

| Мүчөнүн варианты | Жеке жыйын-тыгы | Жеке үлүшү | Жалпы жеке үлүшү | Айкашуу жыйын-тыгы | Айкашуу үлүшү | Жалпы айкашуу үлүшү | Жалпы жыш-тыгы | Жалпы үлүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| -ың | 331 | 44,13 | 26,54 | 148 | 29,77 | 11,86 | 479 | 38,41 |
| -иң | 91 | 12,13 | 7,29 | 76 | 15,29 | 6,09 | 167 | 13,39 |
| -уң | 112 | 14,93 | 8,98 | 72 | 14,48 | 5,77 | 184 | 14,75 |
| -үң | 81 | 10,80 | 6,49 | 76 | 15,29 | 6,09 | 157 | 12,59 |
| -ң | 135 | 18 | 10,82 | 125 | 25,15 | 10,02 | 260 | 20,85 |
| **Бардыгы** | **750** | **100,0** | **60,14** | **497** | **100,0** | **39,85** | **1247** | **100,0** |

6-таблица (Саякбай Каралаевдин вариантында)

| Мүчөнүн варианты | Жеке жыйын-тыгы | Жеке үлүшү | Жалпы жеке үлүшү | Айкашуу жыйын-тыгы | Айкашуу үлүшү | Жалпы айкашуу үлүшү | Жалпы жыш-тыгы | Жалпы үлүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| -ың | 733 | 34,23 | 20,32 | 362 | 24,69 | 10,03 | 1095 | 30,35 |
| -иң | 359 | 16,76 | 9,95 | 291 | 19,84 | 8,06 | 650 | 18,02 |
| -уң | 229 | 10,69 | 6,34 | 116 | 7,91 | 3,21 | 345 | 9,56 |
| -үң | 126 | 5,88 | 3,49 | 123 | 8,39 | 3,41 | 249 | 6,90 |
| -ң | 694 | 32,41 | 19,24 | 574 | 39,15 | 15,91 | 1268 | 35,15 |
| **Бардыгы** | **2141** | **100,0** | **59,35** | **1466** | **100,0** | **40,64** | **3607** | **100,0** |

Көрүнүп тургандай, бул мүчөнүн бардык варианттары тең эпостун текстинде катталган. Алардын жалпы жыштыгы –4854, б.а. ушунча сөз формасынын тутумунда колдонулган. Ушул жалпы жыштыктын 1247 кайталанышы Сагымбайда, 3607 кайталанышы Саякбайда кездешет.

Эми бул мүчөнүн жеке жана айкашуу өзгөчөлүктөрүн териштирип көрөлү:

1. Жеке колдонуш өзгөчөлүктөрү (2-4-мамычалар, соңку сап). Жалпы текстте аталган мүчө 2891 ирет (100%) кайталанып, жеке жыштыкта колдонулган. Бул көрсөткүч II жак текстиндеги суммалык жыштыгынын (4854 ирет колдонуштун) 59,56% түзөрүн же жалпы текстеги аталган мүчөнүн ар бир 100 колдонушунун 60ы ушул учурга дал келээрин билдирет да, көбүнчө зат

атоочко тике жалганарын кадиксиз далилдеп турат: көк жалың-107, баатырың-98, көзүң-50 ж.б. Сагымбай (жыштыгы-750, үлүшү-60,14%) менен Саякбайдын (жыштыгы-2141, үлүшү-59,35%) тексттеринде да сапаттык жактан өйдөкү катыш сакталат;

2. Айкашуу өзгөчөлүктөрү (5-7-мамычалар, соңку сап). Жалпы текстте бул мүчө 1963 ирет көптүк жана жөндөмө мүчөлөр менен айкашып келген. Ал жалпы колдонуштун 40,44% түзөт да, аталган мүчөнүн 100 колдонушунан 40ы айкашуу колдонушунун үлүшүнө таандык экендигин көрсөтөт: башыңда-36, белиңе-17, жообуңду-16, кызыңды-16, баатырларыңды-15 ж.б. Бул катыш, негизинен, Сагымбайда да (жыштыгы-497, үлшү-39,85%), Саякбайда да (жыштыгы-1466, үлүшү-40,64%) болжол менен бирдей сакталат.

Аталган мүчөнүн варианттары колдонуш жыштыгы боюнча жалпы текстте төмөнкүдөй жайгашат:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | -ың | 1574 | 32,42% |
| 2 | -ң | 1528 | 31,48% |
| 3 | -иң | 1817 | 16,83% |
| 4 | -уң | 529 | 10,89% |
| 5 | -үң | 406 | 8,36% |

Демек, бул маалыматтар II таандык мүчөнүн 5 вариантынын ичинен статистикалык жактан эң күчтүүсү жана "Манас" текстинде өтө жыш колдонулганы –**ың** варианты экендигин далилдейт. Ошол эле учурда башкы үнсүзү түшүрүлүп айтылган **–м** вариантынын үлүшү да орчундуу болгондугун кабарлайт. Ал эми **–иң** варианты бул жагынан орто күчтүү болсо, эркин үндүүдөн башталган **–уң**, **-үң** варианттары алсыз болот.

Варианттардын жеке жана айкашуу өзгөчөлүктөрү да өзүнчө көңүл бурууга арзыйт:

1. Жеке колдонушу (2-4-мамычалар). Бул көрсөткүч боюнча эпостун жалпы текстиндеги катыш сакталып, эң күчтүүсү **-ың** (1064-36,80%), күчтүүсү - -ң (829-28,67%), орто күчтүүсү - **-иң** (450-15,5%), алсыздары - -уң (207-7,16%) болуп бөлүнөт: берениң-59, зайыбың-4, каның-41, журтуң-26, сөзүң-36 ж.б. Бирок Сагымбайда Саякбайдан айырмаланып, жеке колдонуш жыштыгы боюнча **–иң** варианты (91-12,13%), -уң (112-14,95%) вариантынан кийинки орунда турат.
2. Айкашуу өзгөчөлүктөрү (5-7-мамычалар). Бул өңүттөн алганда эпостун тексттинде -ң варианты 699 ирет кайталанып, айкашуу үлүшүнүн 35,60% ын түзөт да, эң жыш колдонулган вариантка жатат: найзаңды-3, кожоңду-2, чороңду-6, балаңды-7, атаңдын-180 ж.б. Андан соң бул көрсөткүч боюнча калган варианттар мындайча келет: **-ың** (510-25,98%), **-иң** (367-18,69%), -үң (199-10,13%), -уң (188-9,57%). Демек, мында эң алсыз болуп –уң варианты эсептелет. Жалпы текстте орун алган айкашуу катышы Саякбайда сакталат, бирок Сагымбайда, тескерисинче, **-ым** варианты айкашуу позициясында 148 ирет кайталанып, бул мүчөнүн аталган позициядагы жалпы колдонулушунун (497-100%) 29,77%ын түзөт. Калган варианттардын үлүш жактан күчү Саякбай менен жалпы тексттеги катышына туура келет. Жалгыз гана мында –

иң жана -үң варианттары бирдей жыштыкта (76 ирет) келип, 3-4-орундарды тең бөлүшөт (экөөнүн тең үлүшү - 15,29%).

АДАБИЯТТАР

1. Садыков Т. Теоретические основы кыргызской фонологии и морфологии //Автореферат докторской диссертации. -Алматы, 1995.
2. Никонов В.А. Тюркологические исследования. –Ф., 1986. -С.79-89.